УДК 398.22:291.1(575.2)
DOI 10.35254/bsu/2025.72.16

***Жумабаева Г. А.***
*КББА, жетектөөчү илимий кызматкер, п.и.к.*

# МАНАС ЭПОСУНДА ИШЕНИМДИН РОЛУ

**Кыскача мазмуну**

Макала "Манас" эпосундагы ишенимдин ролун жана каармандардын тагдырына тийгизген таасирин талдайт. Диний культтардан философиялык концепцияларга чейинки ишенимдердин ар түрдүү формалары жана алардын эпикалык баяндоонун негизги сюжеттик кагылышууларында чагылдырылышы каралат. Кыргыздардын салттуу ишенимдери менен тышкы идеологиялык таасирлердин ортосундагы, башкы каармандардын аракеттеринде көрүнгөн чыр-чатакка көңүл бурулат. Методологиялык негиз Манас, анын жолдоштору жана душмандары катышкан эпизоддорду салыштырмалуу талдоону камтыйт, анда ишенимди тандоо окуялардын өнүгүшүн аныктайт. Мыйзам ченемдүүлүк көрсөтүлгөн: байыркы баалуулуктарды жолдогон каармандар жеңишке жетишет, ал эми чет элдик доктриналарга берилүү жеңилүүгө алып келет. Эмгек жамааттык аң-сезимдин калыптануу механизмдерин жана анын элдин тарыхый тагдыры үчүн маанисин түшүнүүгө салым кошот.

**Түйүндүү сөздөр:** теңирчилик, архаикалык мотивдер, диний синкретизм, руханий мурас, маданий иденттүүлүк, эпикалык салт, дүйнө таанымы, жамааттык аң-сезим, ыйык символдор, этномаданий баалуулуктар

***Жумабаева Г. А.***
*КАО, к.п.н., ведущий научный сотрудник*

# РОЛЬ ВЕРЫ В ЭПОСЕ «МАНАС»

**Аннотация**

Статья посвящена анализу роли веры в эпосе «Манас» и ее влиянию на судьбы персонажей. Рассматриваются разнообразные формы убеждений — от религиозных культов до философских концепций — и их отражение в ключевых сюжетных коллизиях эпического повествования. Уделяется внимание конфликту между традиционными верованиями кыргызов и внешними идеологическими влияниями, проявляющемуся в действиях главных героев. Методологическая основа включает сравнительный анализ эпизодов с участием Манаса, его соратников и противников, где выбор веры определяет развитие событий. Показана закономерность: персонажи, следующие исконным ценностям, одерживают победы, тогда как приверженность чуждым доктринам приводит к поражениям. Работа вносит вклад в понимание механизмов формирования коллективного сознания и его значения для исторической судьбы народа.

**Ключевые слова**: тенгрианство, архаические мотивы, религиозный синкретизм, духовное наследие, культурная идентичность, эпическая традиция, мировоззрение, коллективное сознание, сакральные символы, этнокультурные ценности

***Zhumabaeva G. A.***

*Leading Researcher of the KBBA,*
*Candidate of Pedagogical Sciences*

## THE ROLE OF FAITH IN THE MANAS EPIC.

**Abstract**

This study analyzes the role of faith in the "Manas" epic and its influence on the characters' destinies. Various beliefs, from religious cults to philosophical concepts, and their reflection in key plot collisions are examined. It examines the conflict between traditional Kyrgyz beliefs and external ideologies that influence the main characters. The methodological basis compares episodes involving Manas, his allies, and opponents, where faith determines the events. A pattern emerges: characters following Indigenous values achieve victory, while adherence to alien doctrines leads to defeat. This contributes to understanding the formation of collective consciousness and its significance for people's historical fate.

**Keywords:** tengrianism, archaic motifs, religious syncretism, spiritual heritage, cultural identity, epic tradition, worldview, collective consciousness, sacred symbols, ethnocultural values

**Киришүү:** Ишеним деп бир окууну, идеяны, идеологияны, саясый багытты акыйкат (туура, ырас, ыйык окуу), чындык, катары таанып, ага чын ыкластан берилүүнү, терең ынанып, тууралыгына көзү жетүүнү түшүнөбүз. Мисалы, идеалисттик, материалисттик ж.б. философияларга, идеяга, партияга, эгрегорго (коллективдик аң-сезимден жаралган астралдык күчкө), тотемге (жаныбар, өсүмдүк), динге ж.б. ишенүү. Ишендирүү деп илимий-философиялык окууга же идеяга ынандыруу аркылуу адамзатка, адамга пайдалуу иштерди үйрөтүү жана терс журум-турумдан сактоо максатында жүргүзүлүүчү тарбиялык усулду түшүнөбүз. «Ишеним – адамдын илимге, саясый багытка, идеологияга, динге чексиз кызыгуусу, берилген багыты, дүйнө тааным боюнча позициясы, бардык логикалык далилдерге, күмөн саноого карабастан, чечкиндүүлүк менен баалуулуктар системасынын ичинен туура деп эсептегенин тандаган ынанымы» [1, 54-б.]. Адамга ишенимди туура аныктап алуу – олуттуу маселе, анткени адам эмнеге ишенсе, ошого жараша билим алат, ошол багыт боюнча аракет кылат, мүнөзү, көз карашы, ойлому, ынанымы ошол багытка же философияга (этикага, идеяга, саясый багытка ж.б.) ылайык калыптанат. Адам кимге, эмнеге ишенсе ошону тандайт.

**Изилдөөнүн максаты**: элдин ишенимди туура тандоосунун адептик-рухий тарбиядагы маанисин ачуу.

**Изилдөөнүн методдору**: теориялык изилдөө, талдоо, анализдөө, синтездөө, салыштыруу; эмпирикалык методдор, сурамжылоо.

**Негизги мазмун.** Манас эпосунда кыргыздардын ишенимине карата бири-бирине карама-каршы маалыматтар бар. «Намаз окуп баарысы. Башында Кошой карысы» (Манас). «Оо Кудай, Жараткан, Мага перзент берген турбайбы» [2, 199-б]. «Корогону кырк чилтен, колтугунан алыптыр» (Манас). «Ошпурдун короосунан козусун ала качкан бөрүнүн артынан кууп, Манас жетти. Бөрү кайда кетти? Чоң Жинди оозун жыйгыча кырк чилтендин бири силкинип, бөрүгө айланды. Бөрүчө улуду» [3, 15-б]. Кыргыздардын кысталышка кабылганда, кубанганда бирде Кудайга, бирде кырк чилтенге (фарсча чил-кырк, тен-дене) ишенип келген. (Х.Карасаев).

Манас менен Нескаранын кармашын-

да: «Кырк чилтен катуу колдоду. Бирөөсү кабылан болуп бакырды. Экинчиси арстан болуп айкырды. Маңдайында агы бар, кулагында шамы бар, куюндан бүткөн жаныбар. Тумшугунун үстүндө, ноктоодон калган тагы бар. Акуула аты атырылып жөнөдү. Үстүндө алп кара куш зуулдап, ажыдаардай түк күткөн, көкжал Манас, Нескара дөөгө айбат менен кол салды. Манас баатырдын сүрүнөн эси чыккан кытай дөө, урушууга шайманы келбей, жер жайнаган аскерди аралап качты. «Манас эч бир жоого жеңилбейт» - деген кытайдын китебине ишенбей, ушул жерге айдап келген ажалымдын жеткени ушубу? Ушинтип мени Кудай урдубу?» - деди Нескара. Кытайдын китебиндеги маалыматка ишенбеген Нескара женилди [4, 32-б.].

Манас эпосу сыйкырга ишенгендерден куру эмес. «Уучтап алып топурак. Апсун демин салыптыр. Топурак учуп созулду. Айдарым желге кошулду». (Манас. Сагымбай Орозбаков). «Апсун демин салуу» – сыйкырдуу дуба окуп, дем салуу, сыйкыр менен арбоо. «Апсун» арабдын «афсун» (сыйкыр) деген сөзүнөн келген. «Дем» фарстын «дям» деген сөзүнөн келген. Өпкөгө жел толтуруп катуу үйлөө. С.Орозбаковдун Манас вариантында аярлардын, сыйкырчылардын амалдары кеңири көрсөтүлгөн. Байыркы Чыгыш адабиятында сыйкырчылардын урушу чоң оорун ээлеген. Ошол сыйкырчылардын амалдарын казак акындары өлөң кылып чыгарган. Кыргыздар аны окуган. С.Орозбаков ошол окугандарын Манаска киргизип салган. «Семетей Үргөнчтүн суусунан (Аму Дарыядан) кечкенде «Илияс пайгамбар жылоодон алып кечирген» (Карасаев Х.) [5, 300-б.].

Хан Манастын Калмактын Текес ханын жеңишинде: «Манаска каршы кол топто деп, Текес хан Куяс деген сыйкырчысына айтты, ал айлана тегерегин сыйкыры менен дубалап, дубасын катуу окуду. Куястын дубасынан тал-терек, чөпчар, камыш-чий, карагай-кайың, калың колго айланды. Чынар терек дөө болду. Суу үстүн өрт каптады. Ханым, жоо жаракчан колуңду кабыл ал. Менин аскеримди адам аттуу жеңе албайт. Кыргызды ушу жок кылат», - деди. Куястын керемет сыйкырына, жайнаган айбаты зор аскерине Текес хан ишенди. Кыргыздын ажалы ушундан» деп, кенебей жата берди. Бакай тал-терек ж.б. сыйкыр менен аскерге айланганын байкап, аны өрттөп салды. Сыйкырга ишенген Текес хан жеңилип, өлдү. Текес хан өлгөндөн кийин Тейиш демократиялык жол менен хан шайланды, шайлоонун адилеттигине кыргыздар (Манас эпосунда) миң жыл мурда ишенген.

Көкөтайдын ашындагы ат чабышта: «Алмамабет, аябай күндү жайлап бер. Ат семизи кампайсын, ат арбагы дыңкыйсын», - деди Манас. «Алмамбет Касыйда окуп, окуса да бат окуп, такалбастан жат окуп, суага жай таш салды» [6, 99-б]. Манас чабал аттар суукка чыдай албай каларына, ат чабышта Аккула менен кыргыздардын мыкты аттары чыгып келерине ишенди. Аккула биринчи чыгып келди.

Кошой менен Жолойдун күрөшүндө: «Артына түшкөн айдарым чачы бар, кырктан ашкан жашы бар, Жолой балбан койнундагы алтын бутка сыйынып, майданга күүлөнүп чыкты». Жолой алтын буттун колдооруна жана күчүнө ишенди. Жолойдун ажыдаардай кебетесин көрүп, кыргыз тарап сестенип калды. «Айланайын абаке, сенден өтөөр балбан жок, башкага башты кор кылбай, күрөшкө өзүң түш», - деди Манас. Кошойдун балбандыгына Манас ишенди. Жолой балбанды томкоруп жерден алып, көтөрүп кайра жерге урду. Алтын буттун колдоосуна ишенген Жолой жеңилип калды. Кошой күрөштөн уткан байгени элге таратып берди [6, 106-б].

Коңурбайдын байгени чаап кетишинде: «кыргызга кыргын салдык, малын тоноп алдык» деп, элине чабарман жиберди. Кабарды уккан куу карылар ишенген жок.

Арстан Манас баатыр болсо, мынча малды алдырбайт», - деп ойлошту. «Байгени тарттырып ийгенче, Манасты өлдү дегиле, батаны кыла бергиле». Манас бата алууга жана өзүнүн баатырдыгына ишенди. Батага жана өзүнүнүн аракетинин ийгилилигине ишенген Манас, байгени кайрып алды.

Эпостун айрым жеринде адам ишенбей турган, жомоктун элементтери бар. «Алтын менен күмүштүн широөсүнөн бүткөндөй. Асман менен жериңдин, тирөөсүнөн бүткөндөй. Айың менен Күнүңдүн бир өзүнөн бүткөндөй. Алды калың кара жер, жердигинен түткөндөй. Ай алдында дайранын, толкунунан бүткөндөй. Абадагы булуттун, салкынынан бүткөндөй. Асмандагы ай-күндүн жаркынынан бүткөндөй».

Алооке хандын Манаска багынышында: «Алооке, каяша кылган кыргызды түгөл кырып, жоготом деп, алты жүз миң кол топтоду. Манас аны көрдү. Бакай кой десе болбой, Манас калың колду аралап өттү. Алоокенин колу Манастын каарынан коркуп, катылбады. Алооке Манастын күч-кубатын көрүп: көрөмүн деп көңүлдөнсө, барса келбес жайга кийрип салайын. Жолборс, арстан, кабыландан ажалын тапсын. Анан баатыры жок кыргызды бирден торойто чаппай, жаным жокпу, - деп арсыз жылмайды. Так ушу маалда Манасты кырк чилтен колдоп жүрдү. Кабыланга кабыландын, арстанга арстандын шериндей, ажыдаарга ажыдаардын пириндей көрүндү. Чилтендин бири куш болуп, Алоокени алчудай, асмандан бутун арбайтты. Кайыптан жаралган кырк чилтенди Манас гана туйду. Манас арстан, жолборс, кабылан камалган торду ачып, жырткычтардын барын көчөгө айдап салды. Жырткычтар Манас баштаган жигиттерге тиш салмак турсун, төрт аягын көтөрүп, багынганын туйгузду. Мунаранын секисинде байкап турган Алооке акылынан тана жаздады. Балким ажыдаардан жолу катар деген ойдо «тигил жакта ажыдаар бар» деп кыйкырды. Коркунучтуу жайга жетип, ажыдаардын мойнун толгоп, ыргытып жиберди. Ажыдаар сойлогон жер коо болду, соккон жери тоо болду. Алты жүз миң жоокерге, жырткычтарга ишенген Алооке жеңилди. Курун мойнуна алып, кулдук уруп, Манастын кашына келди.

Тарыхчы Р.Бартольд: «IX кылымда кыргыздар Борбордук Азияда өздөрүнүн империясын курган, анын издери Манас эпосунун сюжетинде бар. Ал империяны түзүүдө бөлөк калктар менен дипломатиялык мамиле түзүү зарылдыгын кыргыздар түшүнүшкөн», - деп жазган. «Кара тилин кайраган, калың топко сайраган, жетимиш түрлүү тил билген, жетимиш түрлүү эл көргөн, Ажыбай менен Бакай дипломат-чоролор башка элдер менен мамилени жөнгө салып турган». Манас эпосунда адамдын рухун, дилин сактап калбаган, уят, намыс, ыйман, жоопкерчилик категорияларын борборго койбогон коом сакталып кала албастыгын, бүткүл маңыз ишеним, үмүт адамдын акыл-эсинде, жан дүйнөсүндө, насилинде экендиги белгиленген.

С.К. Турмалиевдин китебинде ишенген Затты: «Жетет экен тилекке, кубат берген билекке, мен айтамын силерге, бардык нерсе Кудайдан. Кубаттуу болот тирлигиң, Кудайдын билгин бирлигин, көрбөй туруп ынанып, бар деп билгин ката жок. Өкүмүнө чара жок, өзүнөн башка даана жок, өзү бар, андан бала жок, өзгө тууган улук жок, өзүнөн бөлөк улук жок, бир Жараткан Кудайым, билгин угуп жудайын», - деп белгилейт [7, 299-б].

Көкөтайдын ашы – чоң трагедиянын башы болгон. Бокмурун өзүнүн мүмкүнчүлүгүн туура баалабай, байлыгына ишенип, дос менен душмандарды аралаштырып чакырышы б.а. анын жаңылыштыгы, кыргыз элинин баатырларынан ажырап калышына түрткү болгон. Бул трагедия кийинкилерге чоң сабак калтырган. Элдин менталитети ишенимине жараша калыптанат. Кыргыз элинин басып өткөн тарыхый жолуна, ишенимине, тажрый-

баларына жараша Орто Азия элдеринин ойломуна окшоштугу да, айырмачылыгы да болгон. Элдин өз дүйнө таанымы, ой жүгүртүүсү, ынанымы, поэтикалык, философиялык казынасы калыптанган. Элдин ишенимине жараша кылымдап топтогон көөнөрбөс этикалык асыл-нарктары, ыймандык, адептик мурастары, акыл-ой, руханий дөөлөттөрү болгон, эл ишенимине жараша баалуулуктарын, менталитеттүүлүгүн, Манас сыяктуу эпосун, дастандарын иштеп чыгышкан (автор).

Манас эпосунун айрым жеринде: «Манасты Кудай колдосун, сук арткан душман оңбосун», - деп айтылат. «Манасты ата-бабалардын арбагы колдосун, айрым жеринде кырк чилтен колдосун», - деп арбакка, кырк чилтенге ишенген жерлери да бар. Тизелеп жыгылган турат, тилинен жаңылган турбайт: «Жолу каткыр Манас, жоголуп кеттиби» (Жакып), «Силердин каныңарды ичпесем, Манас атым өчсүн», «Туулбай туна чөгөйүн, басып жүрбөй өлөйүн», «Айтканымды кылбасам, Манас атым курусун» «Мааникер берем дегиче, Манасым өлдү десеңчи» - деген сыяктуу сөздөр көп айтылган [3]. Каргыштын ашкере айтылышы эч кимге жакшылык алып келген эмес.

Азыркы мезгилде көпчүлүк эл ааламдашууга, космополитизмге Батыш же Чыгыш ойломуна ишененип калды. «Манас эпосунда космополитизмдин негативдүү жагына, өз улуттук кыртышын, коломтосун, тарыхый тамырын, таныбаган, өз ата журтунун баалуулуктарына нигилисттик мамиле кылган эл безерлерге терс баа берилген. Мисалы, кытай императору Эсенкан амалданып, Манаска уу берип, өлтүрүп, башып кесип, Бээжинге алып кел деп, Көзкаманга тапшырган. Көзкаман Манаска уу берген. Көзкаман – тамырсыз адамдын символу. Маңкурт – душмандын колундагы куурчак, өз уясына каршы пайдаланган курал».

**Жыйынтыктоо**. Чоң казатта: чоролордун жана өзүнүн жеңилбестигине ишенген Манас, Коңурбай он беш күн мөөнөт сураганда “макул” деп койгон. Ошол он беш күндөн кийинки кармашта чоролор шейит кеткен. Манас жарадар абалда Таласка кайткан. Ишенимди туура тандоонун ролу боюнча эпосто эң жакшы сабак калтырылган. Илимден кабары жок кезде кыргыздар ар нерсенин ээси, пири бар деп ишенген. Илимдин өнүккөн доорунда караңгылыкта жашоо туура эместигин түшүнгөн кыргыздар: «Пири көп элдин кири көп», «Суунун ирими жаман, карынын ырымы жаман» деп жыйынтык чыгарышкан. Элдин ишенимине жараша натыйжага келет, аны туура тандаган элдин келечеги кең, түбөлүгү түс болот.

### Адабияттар


1. Байгазиев С.О. Чыңгыз Айтматов – ак калпак кыргыздын жана адамзаттын даанышманы / С.О. Байгазиев. – Бишкек : Алтын тамга, 2023. – Б. 53-63.
2. Турмалиев С.К. Манас эпосунун исламдагы орду жана динибиздин илимий баалуулуктары / С.К. Турмалиев. – Бишкек : Прин экспресс, 2017. – 199 б.
3. Карасаев Х. Накыл сөздөр / Х. Карасаев. – Бишкек : Шам басмасы, 1995. – 300 б.
4. Орозбаков С. Манас. 1-китеп / С. Орозбаков. – Бишкек : [б. и.], 1978. – 1296 б.
5. Осмонкулов Ж. Манас. Өспүрүмдөр үчүн кара сөз варианты / Ж. Осмонкулов. – Бишкек : [б. и.], 2011. – 106 б.
6. Религоведение : учебное пособие / под ред. М.М. Шахнович. – Москва : Изд-во ист. фак. Моск. ун-та, 2009. – 138 с.
7. Карасаев Х. Накыл сөздөр / Х. Карасаев. – Бишкек : Шам басмасы, 1995. – Б. 299-300.